**«О!Бонус» акциясын өткөрүү эрежелери**

**«О!Бонус» акциясына кимдер катыша алат?**
«Мой О!» тиркемесиндеги «О!Деньги» капчыгынын ээси катары идентификациядан өткөн жана «Мой О!» тиркемесинде төлөм инструменттерин колдонууда чектөөлөр коюлбаган, «Переходи на О!», «Твой ноль», «Твой Суперноль» топтомунун тарифтеринде тейленген абоненттер.

**Кошумча маалымат**

1. «О!Бонус» акциясына катышуу акысыз.
2. «О!Бонус» – бул «НУР Телеком» ЖЧК Компаниясы (О! Мобилдик оператору – мындан ары О!) тарабынан «НУР Телеком» ЖЧК абоненттери акцияга катышуунун шарттарын сактаган учурда аларга белгилүү бир өлчөмдө бонустардын берилиши жана бонустардын «Грин Телеком Сервис» ЖЧК Компаниясы тарабынан бонустук эсепке түшүрүлүшү каралган лоялдуулук акциясы (программасы) (мындан ары - «О!Бонус» акциясы).
3. «О!Бонус» акциясына катышуу жана бонустарга ээ болуу «Переходи на О!» топтомуна кирген айрым тарифтик пландарынан идентификациядан өткөрүлгөн «О!Деньги» капчыгы бар жана «Мой О!» тиркемесинде төлөм инструменттерин колдонууда чектөөлөр (бөгөттөөнү кошкондо) коюлбаган О! абоненттеринин баарына жеткиликтүү.
4. Башка шарттар:

4.1. Бонустардын 1%ы азыраак жагына тегеректелген бүтүн суммадан эсептелет, мисалы, 10.1 сомдон 10.9 сомго чейинки сумма алынган болсо, анда сиздин эсебиңизге туура 1 БОНУС түшөт.

4.2. «О!Бонус» акциясына катышуу жеткиликтүү болгон башка тарифтик планга өтүүдө, же болбосо номерди кайра тариздөөдө топтолгон бонустар сакталат.

4.3. Номерди алмаштырган учурда топтолгон бонустар жаңы номерге өткөрүлөт.

4.4. Идентификациядан өткөн «О!Деньги» капчыгына ээ жана «Мой О!» тиркемесинде төлөм инструменттерин колдонууда чектөөлөрү бар абоненттерге бонустар берилбейт. Мында «Мой О!» тиркемесинде төлөм инструменттерин колдонууда чектөөлөр киргизилгенге чейин топтолгон бонустардын баары сакталып калат жана аларды чектөөлөр жоюлгандан кийин колдонсо болот.

4.5. Бонустар төмөнкү учурларда жокко чыгарылат:
- SIM-карта байланыш кызматтары көрсөтүлбөй турган абалга түшкөн номерди деактивациялоо.
- О! балансын бонустар менен толуктоо ишке ашырылбаган жана өнөктөштөрдүн кызматтары менен товарлары үчүн бонустар алынбаган учурда, бонустар берилгенден тартып 12 ай өткөндө.

4.6. Бонустар туура эмес же ашыкча берилген учурда, мындай бонустар бонустук эсептен алып коюу жолу менен коррекцияланат.

**Төмөнкүлөр үчүн бонус берилбейт:**

- алынган суммасы 1 сомдон аз болгон кызматтар
- роуминг кызматтары
- спутниктик жана эл аралык байланыш кызматтары
- "Бүткүл Дүйнө!" кызматы
- O!TV, О!Кино, AMEDIATEKA, PREMIER, START, Этномедиа, MORE.TV кызматтары жана www.o.kg сайтында тизмеси келтирилген башка маалыматтык-көңүл ачуучу кызматтар
- «Автотөлөм», «Ишенимдүү төлөм», «Кийин төлө» кызматтары боюнча карызды жабууда акча каражаттарынын алынышы
- «Мой О!» тиркемесинде төлөм инструменттерин колдонууда чектөөлөр бар болгон учурда байланыш кызматтары үчүн акча каражаттарынын алынышы (төлөө)

Бөтөнчө учурлардын (бонустар берилбеген шарттардын) тизмеси «НУР Телеком» ЖЧК тарабынан бир жактуу тартипте өзгөртүлүшү жана/же толукталышы мүмкүн.

О! Мобилдик оператору жеке чечимине жараша жана жаңы шарттарды Компаниянын расмий сайтына жайгаштыруу аркылуу абоненттердин «О!Бонус» акциясына катышуусунун шарттарын, бонустарды берүү шарттарын, бонустардын өлчөмүн өзгөртүү укугун сактап калат. «О!Бонус» акциясына катышуу менен, абонент акцияны өткөрүү шарттары менен макулдугун, ошондой эле www.o.kg сайтынан акциянын шарттарын өз алдынча көзөмөлдөө, алар менен таанышып туруу жана изилдеп-үйрөнүү зарылдыгы тууралуу маалыматка ээ экенин билдирет.

Абонент, «О!Бонус» акциясына кошулуу аркылуу, бонустарды берүү Компаниянын милдети эмес, укугу болуп эсептелери менен макулдугун тастыктайт. Акцияга катышуу шарттарынын өзгөрүшүнүн, абоненттин акцияга катышуу шарттарындагы өзгөрүүлөрдөн кабардар болбогонунун натыйжасында келип чыккан бардык жоготуулар же чыгымдар үчүн Компания жооп бербейт.

«О!Деньги» сервиси жана бонустук процессинг «Грин Телеком Сервис» ЖЧК тарабынан көрсөтүлөт. КРУБ 03.08.2017-ж. №2021030817, №3022030817 лицензиялары.